А.Койлубаева
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

## «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ СЕБЕП БЫШЫКТООЧТОРДУН СЕМАНТИКАЛЫК МААНИЛЕРИ

Дүйнөнү дүңгүрөткөн «Манастын» тили – нукура кыргыздын тили. Анын миң жылдык өмүр жашап келишине эне тилибиз курал болуп бере алган. Азыр эпос кыргыз маданиятынын гана эмес, жалпы эле бүткүл дүйнөлүк маданиятка таандык.

«Манас» эпосундагы тилдик каражаттарды изилдөөөткөн маданият тууралуу баалуу маалыматтарды берип, эпостун тилин баалоо-го мүмкүнчүлүк түзөт. Синтаксис үчүн эң негизги биримдик-сүйлөм болуп эсептелинет. Сүйлөм ичиндеги сөздөр бири-бири менен сырткы формасы жагынан гана эмес, маани жактан да тыгыз байланышып, өз ара ички катнашта болушат.

Прозалык чыгармаларда да ар бир сүйлөм синтаксистик жагынан сүйлөм мүчөлөрүнөн түзүлөт. Про-зада болсун, поэзияда болсун сүй-лөм мүчөлөрү сүйлөмдүн курулуш материалы болуп эсептелинет, антке-ни алардын ар бири сүйлөм тизме-гинде туруп, өзүнчө мааниге ээ болуу менен бирге, грамматикалык жактан да өз ара ажырагыс биримдикти түзөт. Ыр түрүндөгү сүйлөмдөрдө айкындоочтун алган орду бир топ башкача экендигин көрөбүз.

Эпосто айкындооч сүйлөмдүн башталышынан да, аякталган чеги-нен да орун ала берет. Бул бөтөнчөлүк эпостогу ыргакта (ритм) жана уйкаштыкка (рифма) байла-ныштуу. Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүнүн ичинен өтө көп кырдуу да, кеңири да колдонулуучу түрү - бышыктооч болуп саналат.

Себеп бышыктоочтор катыштык маанилери жактан башка бышык-тооч мүчөлөрдүн ичинен өзгөчө абалда турган мүчө. Себеп бышык-тоочтор кыймыл-аракеттин себеп кырдаалдарын билдирүү менен катар, айрым бир түрлөрү максат-тык катыштарды да кошо билдирет.

Кыргыз тилинде себеп бышыкта-гыч тактоочко аргасыздан, амалсыз-дан, эрксизден деген сыяктуу сөздөр кирет. Себеп бышыктоочтор жана себептик катыштар менен бирге максаттык кырдаалды да кошо билдирүүчү себеп бышыктоочтор болуп эки түргө бөлүнөт. Мындай түзүлүштөгү бышыктооч мүчөлөр, көбүнчө, жалаң себеп катыштарын билдирип, нагыз себеп бышыктооч болуп түшөт. Себеп бышыктоочтун милдетин чыгыш жөндөмөдөгү, - ган мүчөлүү атоочтуктар аткарат.

Белгилүү бир убакытка туташ кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөтүүчү этиштин грамматикалык туунду формалары, атоочтуктар деп аталат. Атоочтуктар затты кыймылдык белгиси боюнча көрсөтүү, аныктоо зарылдыгынан келип чыккан. Сын атооч сыяктуу заттын белгисин билдиришип, анык-тоочтук милдет аткарышат. Ал эми этиштин калган туунду формалары кыймыл атооч, чакчылдар болсо, аныктоочтук милдет аткарышпайт. Атоочтуктар менен сын атоочтор затты жалпы эле белгисин билди-рип, атоочтук милдет аткарганы менен экөө бири-биринен айырма-ланып турушат.

Атоочтуктарга сөз өзгөртүүчү мүчөлөр аныкталгычы түшпөсө да жалганат, алардын атоо маанисин-деги касиетке ээ экендигинин негизги белгиси ушунда. Мындай учурда да алар жөндөмөлөрдөгү башкаруу жөндөмдүүлүгүн сакта-шат, заттанган түшүнүк катарында кыймыл-аракеттин атын же анын процессин билдиришет.

Атоочтуктар заттык мааниде колдонулган учурда заттанган түшүнүктү же кыймыл-аракеттин атын, процессин билдирет, бирок ошондо да этишке мүнөздүү болгон чактык жана башкаруу жөндөмдүү-лүгүн сакташат, синтаксистик негизги функциясы өзгөрөт. Башта алар, негизинен, аныктоочтук, баян-доочтук милдет аткарышса, заттык мааниде колдонулганда ээ жана толуктоочтук милдет аткарышат. Себеп бышыктоочтор составы жагы-нан да ар кыл келет.

Себеп бышыктооч дээрлик түрдө этиштен болгон баяндоочтун алды-нан орун алат, бирок бул тартип дайыма эле сактала бербейт.

а/ Себеп бышыктоочтор чыгыш жөндөмө формасындагы атоочтор менен атоочтуктардан болот:

Кубангандан бай Жакып
Бак-бак этип сүйлөдү

б/ Атооч, атоочтук, кыймыл атооч сөздөргө үчүн деген жандооч айкашып турган комплекстер да себеп бышыктооч мүчө катары келет:

1. Таарынып чыктың Көкчөдөн,
   Жамандык иши бар үчүн
2. Талаада кандай иш жүрсүн
   Татыксыз дүйнө мал үчүн
3. Бабадан калган жер үчүн

Башым ооду калайык

в/ Ачкачылык, кедейлик, жокчу-лук, тартипсиздик, жалкоолук деген сыяктуу абстрактуу маанидеги зат атоочторго чыгыш жөндөмөнүн мү-чөсү уланып келип, себеп бышык-тооч болот:

Жакып деген өз атаң,
Жардылыктан, жоктуктан,
Мен да көрдүм далайды

г/ Тутумуна чакчыл этиштер кирген ажырагыс сөз тизмектери менен деп деген көмөкчү этиш тутумдашып турган этиштердин буйрук каалоо ыңгайлары себеп бышыктооч болуп түшөт:

1. Аккулага бир бала
2. Азыр минип алганы
3. Ат меники чаппайм деп,
4. Алмамбет алып калганы.
5. Бакарды көрүп барысы
6. Малды салбай койбойм деп
7. Баштан аяк өкүнүп

д/ Ошондой эле себеп бышык-тоочтун милдетин – ып, - бай фор-масындагы чакчылдар жана кээ бир зат атооч сөздөр айрым жөндөмөлөр аркылуу келип да, себеп бышык-тоочтук милдетти аткарат:

Бар кудайым башыма,
Бакы дөөлөт тургузган
Талабыма жете албай
Таалай бактым бир кыздан.

Максат бышыктоочтор менен се-беп бышыктоочтор көп убактарда маани жагынан жакын болот. Ошондуктан, биринчиден, контекст-ке маанилүү роль берилет, экинчиден бышыктоочторду багындырып турган этиш сөздөрдүн чак формала-рына да көңүл буруу керек.

Жыйынтыктан айтканда, себеп бышыктоочтор сүйлөм тутумунда, негизинен, кыймыл-аракеттик маанидеги этиш сөздөр менен грамматикалык байланыш түзөт жана сүйлөмдүн баяндоочунун зонасына тиешелүү айкындооч мүчө болуп эсептелет. Себе п бышык-тоочтор сүйлөм тутумунда кыймыл-аракет (этиштик баяндооч) билдирген натыйжанын чыгышы пайда болуш себебин билдирет да, белгилүү бир мезгилге тиешелүү болуп айтылат.

**Адабияттар**

1. Орозбаков С. “Манас”- Ф., 1980